мэрия
г.Кара-
Балта

# Кара-Балта ш. мэрияснын мамлекеттик социалдык заказды ишке ашыруусу

Айнура Кожомкулова, Кара-Балта шаардык мэриясынын башкы адиси, КР

## Эмне үчүн?

- Кара-Балта ички мигранттар көп келген ири аймактык борбор.
- Расмий маалыматтар боюнча, шаарда 48 278 адам жашайт, анын ичинен 26 011и аялдар. Калктын курамы көп улуттуу.
- Калктын жогорку жыштыгы аялуу адамдарды, оор турмуштук кырдаалга туш болгон жана жеке камкордукка муктаж жарандарды, анын ичинде улгайган адамдарды колдоо көйгөйүн курчутууда.

мэрия г.Кара-Балта












# Чечимдерди издөө: башкаруунун жаңы аспабы

- Социалдык көйгөйлөрду чечүү үчүн Кара-Балта шаарынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары **мамлекеттик социалдык заказды** колдонууну чечишти.

- **Мамлекеттик социалдык заказ** – бул республикалык жана/же жергиликтүү бюджеттен каржылоо менен камсыздалган, келишимдик мамилелерге негизделген, жүзөгө ашырууда юридикалык жактарды жана жеке ишкерлерди тартуу жолу менен калкка социалдык кызматтарды көрсөтүүгө же башка коомго пайдалуу максаттарга жетүүгө багытталган республикалык, тармактык, региондук же муниципалдык социалдык программалардын бөлүгүн ишке ашыруу механизми

мэрия
г.Кара-
Балта

# МСЗны ишке ашыруу боюнча кадамдар

КӨЙГӨЙДҮ АНЫКТОО

КӨЙГӨЙДҮ ИЗИЛДӨӨ

КООМДУК УГУУЛАР

МСЗ ПРОГРАММАСЫ

КАРЖЫЛОО

ачык-айкындуулук

МОНИТОРИНГ
БААЛОО

# МСЗ Программасы

2019-2023-жылдарга мамлекеттик социалдык заказдын программасы иштелип чыгып, ал Кара-Балта шаарынын социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасына (СЭӨП) киргизилген.

МСЗ программасынын өзөгүн төмөнкүлөр түзөт:

- калктын социалдык кызмат көрсөтүүлөргө муктаждыктарын жана керектөөлөрүн изилдөөнүн жыйынтыктары, ошондой эле жарандардын сунуштары.
- изилдөөнүн алкагында 5 чогулуш өткөрүлүп, ага 150 адам катышты.
- СЭӨП долбоору, анын ичинде МСЗ Программасы боюнча коомдук угуулар өткөрүлдү, ага Кара-Балта шаарынын 350 тургуну катышты.
- угуулардын жүрүшүндө катышуучулардан 100гө жакын суроо жана сунуш түштү, алар суроолорун жана сунуштарын атайын даярдалган бланктарга жазып беришти.

# Керктөөлөрдү изилдөө жана коомдук угуулар








# МСЗ Программаларын шаардык кеңештин сессиясында бекитүү

**Шаардык бюджеттен каржылоонун көлөмүн аныктоо 400 миң сом бөлүндү**

**Артыкчылыктуу багыттар:**

оор турмуштук кырдаалга туш болгон жана жеке камкордукка муктаж калктын аялуу катмарын, анын ичинде улгайган адамдарды колдоо;
250 миң сом

өспүрүмдөр жана жаштар арасында баңгизатты колдонуунун алдын алуу;
50 миң сом

зордук-зомбулукка кабылган аялдарга, ата-энеси таштап кеткен балдарга жана майыптуулугу бар балдарга жардам берүү
100 миң сом

мэрия г.Кара-Балта

# МСЗны ИШКЕ АШЫРУУ ТАРТИБИ

1. Конкурс жөнүндөгү кулактандыруу жарыяланат
2. Маалыматтык чогулуш өткөрүлөт
3. Долбоордук сунуштарды тандап алуу боюнча гранттык комиссия түзүлөт
4. Коммерциялык эмес уюмдар мамлекеттик заказчыга долбоордук сунуштарды жөнөтүшөт
5. Жеңүүчүлөрдү гранттык комиссия аныктайт
6. Келишимдер түзүлүп, каржылоо бөлүнүп, МСЗны ишке ашыруу боюнча консультациялар берилет
7. Жеңүүчү КЭУлар долбоорлорду ишке ашырып, отчетторду беришет

# Мамлекеттик социалдык заказды ишке ашыруу

- 7 адамдан турган жумушчу топ жана 10 адамдан турган гранттык комиссия түзүлүп, анын курамына мэриянын кызматкерлери, депутаттар жана жергиликтүү жамааттын лидерлери кирди.
- Жумушчу топ Гранттык комиссия жөнүндө жобону иштеп чыкты, социалдык тармактар жана жергиликтүү гезит аркылуу МСЗ конкурсу жөнүндө кулактандырууну жарыялашты.
- Конкурска "Турмуштук оор кырдаалга туш болгон жана жеке камкордукка муктаж болгон шаардагы аялуу адамдарды, анын ичинде кары адамдарды колдоо" деген темада эки бейөкмөт уюм (БӨУ) өтүнмө беришти.





# Конкурстук комиссиянын чечиминин негизинде «Өзүңө ишен» коомдук фонду «Ыкчам жардам» долбоорун ишке ашырды

- долбоордун алкагында муктаж болгондорду аныктоо үчүн кварталчылардын көмөгү менен сурамжылоо жүргүзүлдү;
- көйгөйүнө жараша алар социалдык кызматтарга жөнөтүлдү;
- психологиялык жана юридикалык мүнөздөгү консультациялар, гуманитардык пакет ж.б. түрүндөгү зарыл жардам көрсөтүлдү.

# Долбоорду ишке ашыруу

- Долбоорду ишке ашыруунун жүрүшүндө мэриянын социалдык кызматкери да процесске тартылган; ал консультацияларды берип, мамлекеттик органдардын өкүлдөрү менен зарыл кат алышууларды жүргүздү.
- Натыйжада 320 үй-бүлөдөн 1172 адам (637 улуу адам жана 535 бала) жардам алышкан. Долбоордун эң жаш катышуучусу 19 жашта болчу – ал үй-бүлөлүк зомбулуктан жапа чеккен.
- 10 жарандын паспорту калыбына келтирилип, жарандык укуктарын колдонууга мүмкүнчүлүк алышты.

# Ишке ашыруу

мэрия
г.Кара-
Балта
















# МСЗны ишке ашыруунун натыйжалуулугу

- Кара-Балта шаарынын практикасы МСЗ механизми КЭУ-аткаруучунун жигердүүлүгүнүн эсебинен социалдык көйгөйлөрдү чечүү үчүн каржылоону көбөйтүүгө мүмкүндүк берерин далилдеди.

МСЗнын аткаруучусу:

- 82 206 сомдон ашык акчалай кошумча салым, ошондой эле кийим-кече жана бут кийим чогулта алган.
- донорлорду тартып, азык-түлүк пакеттери, жаңы жылдык белектер, буюмдар түрүндө кошумча жардам алышкан (БУУнун Өнүктүрүү программасынын Глобалдык экологиялык фондунан, ЮНЭЙДСтен).

# МСЗны ишке ашыруунун натыйжалуулугу

- Долбоорду ишке ашыруунун алкагында МСЗнын аткаруучусу жарандык секторду тарта алды. Шаар тургундары муктаж болгон тургундарга жардам берүү ниетин жигердүү түрдө көрсөтүп турушту.
- Мэрия коммерциялык эмес уюмдар менен иштөөдө баалуу тажрыйбага ээ болду, коомго пайдалуу долбоорлорду ишке ашыруу процессине мониторинг жана баалоо жүргүзүү ыкмаларын үйрөндү.
- Мэрия тобокелдик зонасында болгон муктаж адамдардын маалымат базасын жаңылады.
- Мэрия ошондой эле өзүнүн муниципалдык сайтында МСЗ маселелери боюнча маалыматтын өзүнчө бөлүмүн түздү, ал шаардын социалдык жактан аялуу тургундары үчүн пайдалуу болот.

мэрия г.Кара-Балта

«Зордук-зомбулукка кабылган аялдарга, ата-энеси таштап кеткен балдарга жана майыптуулугу бар балдарга жардам көрсөтүү» долбоорун ишке ашыруу

мэрия
г.Кара-
Балта












# «Өспүрүмдөр жана жаштар арасында баңгизатты колдонуунун алдын алуу» долбоорун ишке ашыруу

## Тажрыйба менен кененирээк таанышуу үчүн ресурстар

мэрия
г.Кара-Балта

Кененирээк маалымат алуу үчүн Кара-Балта шаардык мэриясынын сайтына шилтеме аркылуу кирсеңиз болот

http://kara-balta.kg/category/гос-соцзаказ/

Көңүл бурганыңыз үчүн рахмат!